# *Күзгү кеч*

***Күз келди жалбырактар***

***Сабынан түшүп барат***

***Мен жүрөм үмүт үзбөй***

***Сен келчү жолду карап***

***Агарып таңдар атат***

***Арманга салып коюп***

***Кызарып күндөр батат***

***Күйүткө салып коюп***

***Эзилген жүрөгүмө***

***Келчи өзүң даары болуп***

***Себелеп жамгыр жааса***

***Сени эңсейм сени гана***

***Жүрөктүн түпкүрүндө***

***Жашайсын өзүн гана***

***Кош дебей кош дей албайм***

***Ак сүйүүм сага арналган***

***Берелген махабаттын***

***Антын мен буза албайм***